УДК 378

Алимбеков А.А.
*педагогикалык илимдеринин доктору, профессор,*
*КТУ "Манас"*

# ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮНҮ РЕФОРМАЛОО ШАРТЫНДА СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ӨРКҮНДӨТҮҮНҮН АКТУАЛДУУ ПРОБЛЕМАЛАРЫ

Биринчиден, азыркы университеттер дүнүйө тынымсыз өзгөрүүнү баштан кечирип жаткан бүгүнкү күндө адистерди билим, социалдык – маданий мейкиндик, өндүрүш да олуттуу өзгөрө турган салыштырмалуу белгисиз кырдаалга даярдап жатат. Ал эми эч бир окуу жай студенттин өмүр бою жетээрлик даярдыгын камсыз кыла албайт. Антүүнүн өзү акыйкатка карама-каршы келет. Ошондуктан азыркы учурда дүйнөлүк билим берүү чөйрөсүндө «бүт өмүр боюнча билим алуу» парадигмасы алдыңкы планга чыкты. Демек, билим берүүнүн эң башкы приоритеттеринин бири – студенттерди билимди өзү таап, өзүнчө өздөштүрүүгө үйрөтүү болуп эсептелет.

Педагогикалык адабияттарда студенттердин өздүк субьективдүү ишмердүүлүгүнө байланыштуу түшүнүктөрдүн фону жыл санап кеъейип бара жатат. Бири-бирине маанилеш төмөнкү түшүнүктөр көп кездешет: өз алдынча иш, өз алдынча ишмердүүлүк, өз билимин өз алдынча өркүндөтүү ишмердүүлүгү, өз алдынча билим алуу, өзүн өзү тарбиялоо, өзүн өзү уюштуруу,мугалим – окутуу ишинин кеңешчиси, жетекчиси [ 5, 3-б].

Өз алдынча ишти активдештирүү маселеси университеттик билим берүүдё студенттердин кесиптик жактан ички логикасынан келип чыгат. Студент – бул өз алдынча билим алууга даяр адам маанисине келет. Эл аралык талаптарга ылайык мектеп баланы "үйрөнүүгө үйрөтүү" мектепте калыптанат. Окуучу университетке өз алдынча билим алуу тажрыйбасы жеткилең абалда келет. Ошондуктан дүйнөдө кирүү экзамендерине коюлган эң башкы талап университетте окуп кете алуу мүмкүнчүлүгүн текшерүү болуп эсептелет.

Өз алдынча билим алуунун мааниси туралуу И.Кант 1765-1766-жылдарга таандык философиялык лекцияларында эле студенттер үчүн даяр билимдерди өз калыбында өздөштүрүүгө караганда, "өзүнчө акыл калчап, өзүнчө корутунду, тыянак чыгаруу" алда канча пайдалуу экендигин баса белгилеген.

И.Г.Фихте жогорку окуу жайлардын мугалимдеринин башкы милдети "Студенттин шык жөндөмдөрүн актуалдаштырып, өзүнө-өзү мугалим болушуна жардам берүү" деп эсептеген [2, 124-б ].

Гумбольдт 1810–жылы университеттин ачылыш аземинде "Жогорку окуу жай окутуучусу мугалим эмес, үйрөнүүчү мындан ары окуучу эмес, б.а., студент билимди өз алдынча изилдеп таанып билет, окутуучу болгону алардын өз алдынча жеке ишмердүүлүгүн уюштурат" – деп сүйлөгөн [2, 124-б].

Азыркы окутуу практикабызда бул гармония сакталганбы? Үйрөнүүчүлөр окуу процессинин теңтайлаш катышуучусу катары өз мүмкүнчүлүгүн, функциясын толук аткарып жатабы? Өзүнүн билиминин сапаты үчүн өз жооптуулугун моюндай алууга жарамдуубу? Арийне, бир жактуу жооп берүүгө болбойт. Бирок биздин бир катар университеттерде жүргүзгөн изилдөөлөрүбүздүн материалдары төмөнкүдөй тенденцияны ачык байкоого мүмкүнчүлүк берди:

- окуу процесси азырынча студенттердин өз алдынча иш-аракетине таянуу, аны уюштуруу, рационалдаштырууга багытталган эмес;
- дале болсо окутуу процессинде мугалимдин ишмердүүлүгүнө басым жасалат. Эгерде окутуу процессин эки адамдын аракети менен кыймылга келген кайык катары

элестетсек, азырынча биринчиси (мугалим) кайыкты *башкаруучу*, ал эми экинчиси көбүнесе *жүргүнчү* катары (студент) кала берүүдө.

Аныкталган тенденцияларды төмөнкүдөй типтүү көрүнүштөр аркылуу конкреттештирүүгө болот:

1. *Убакыт бюджетинин ичинде студенттердин өз алдынча ишмердүүлүгүнүн көлөмү өтө аз, көбүнчө эпизоддук мүнөзгө ээ*. Көпчүлүк мугалимдердин жумушчу программаларындагы өз алдынча тапшырмалар бир типтүү, б.а., аларда студенттерди көп кырдуу кесиптик компоненттерин өнүктүрүүгө багытталган эмес. Эгерде азыркы мамлекеттик стандартта өз алдынча иштөөгө 50дөн 80%ке чейин убакыт айрылганын эске алсак, анда мамлекеттик стандарттын бул компоненти толук аткарылбай жатканы ачык эле көрүнүп турат.

2. *Студенттердин өз алдынча билим алуу, өзүн өзү өнүктүрүү мотивдери жана тажрыйбалары тайыз.* Күндөлүк турмушта деле ЖОЖдогу окуусу жөнүндө сурагандарга студент "мени окутуп жатышат" дебестен, "мен окуп, билим алып жатам" деп эң эле туура жооп берет. Бирок билимди өз алдынча изденип алуучу эмес, тек гана башкалардын айтканын ылгабай этпей, сынчыл акыл сыдыргысынан өткөрбөй, эсинде бекем сактап, тоту куштай кайталап айтып берип, репродуктивдүү ишмердүүлүк менен гана алек болуп жатканын анчалык таназар албайт. Изилдөөлөрдүн материалдары боюнча студенттердин 65%тен ашыгы өз алдынча билим алуу ишин уюштура алышпайт жана аны пландаштыруу керектигине олуттуу маани беришпейт. Студенттердин жарымынан көбү (52%) өз алдынча окуу иши менен семинардык сабактарга даярданган учурда, ал эми бештен бир бөлүгү (19%) сессия учурунда гана алек болушат.

Окутуучулар студенттерди өз билимин өзү өркүндөтүү ишине үйрөтүү боюнча илимий-методикалык кеңештерге муктаж.

Студенттердин өз алдынча билим алуу иши окутуучулардын бул ишти уюштурууга карата чын ыкластуу мамилесинен жана кесиптик компетенцияларынан тикеден-тике көз каранды. Бул багыттагы мугалимдердин типтүү **кыйынчылыктары төмөнкүлөр:**

- ёз алдынча иштерди пландаштыруу;
- окуу материалын кайсы бөлүгүн өз алдынча иштөө үчүн бөлүп көрсөтүү;
- тапшырмалардын (задача) системасын тандоо;
- ёз алдынча иш менен аудиториялык иштин ортосундагы биримдикти сактоо;
- студенттердин атаруу мүмкүнчүлүгүн прогноздоо, диагностикалоо; өз алдынча иш менен келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүнүн ортосунда байланыш түзүү;
- текшерүү методикасы.

Чет элдик педагогикалык адабияттарда өз алдынча иштөөнүн көп кырдуу бөтөнчөлүктөрүн бөлүп көрсөтүү үчүн төмөнкүдөй терминдер колдонулат: Германияда **“кыйыр окутуу”** - мугалимдин кыйыр жетектөөсү менен аткарылган иш; Австрия, Швейцарияда **“тынч иштөө”** - өз алдынча обочо, жалгыз иштөө; француз жана англис адабияттарында **“жекече же индивидуалдуу иштөө**; Америка жана Турцияда **“көз карандысыз иштөө”.**

Ал эми КМШ өлкөлөрүндө, айрыкча, орусча жана кыргызча педагогикалык адабияттарда **“өз алдынча иш”** деп айтылып, өзөгүндө **“өз”** деген түшүнүк жатат. Билим алуу кубулушунун чемеленишинде “өз” деген уңгу сөз өзгөчө мааниге ээ. Алсак, орус тилиндеги **“усвоение”** деген түшүнүктүн уңгусу **“своей”** деген сөз болуп эсептелет. Демек, өздөштүрүлгөн билим - инсандын өзүнүн аракети менен анын өздүк сапатына жуурулушуп кеткен билим. Мындай билимдин баа-баркы кыргыз макалдарында да “Өз акылың-өзөк менен тамыр, өзгөнүн акылы - кишен менен тушоо”. М.Левинанын аныктамасы боюнча: «Өз алдынча иш – бул окутуучунун катышуусуз, бирок анын

методикалык жетектөөсү менен пландаштырылган тапшырмаларды аткаруу иши» [ 4, 19-б]. Өз алдынча иштер бул – окуучулардын атайын белгиленген убакыт ичинде, мугалимдин көрсөтмөсү астында, анын түздөн-түз катышуусуз аткарылган иштер. Өз алдынча иш процессинде окуучу таанымдык операциялардын баарын баштан кечирет.

*Бул багыттагы психологиялык–педагогикалык адабияттарга таянуу менен өз алдынча иштөөнүн төмөнкүдөй функцияларын бөлүп көрсөтүүгө болот. Өнүктүрүү* – ой жүгүртүү, маселе коюу, тыянак чыгаруу сыяктуу интеллекттин өз алдынча акыл эмгегинин маданиятын өнүктүрөт.

*Окуу маалыматтарын үйрөнүү масштабын кеңейтүү* сабакта же, лекцияда алынган илимий маалыматтар баарын камтый албайт**.** Демек, өз алдынча окуу аркылуу толукталат. Андай иш аткарылбаса, студенттин билиминин толуктугу жөнүндө сөз кылууга болбойт.

*Багыт берүүнү стимулдаштыруу* - жан үрөп, кызыгып үйрөнүү өзүнүн интеллектуалдык потенциалын өзү ачууга өбөлгө болот, кесиптик компетенцияларынын өнүгүшүн тездетет.

*Изилдөөгө көнүктүрүүчү* жогорку деңгээлдеги кесиптик чыгармачылык ой жүгүртүү же илим чөйрөсүнө аралашуу, чыныгы ыклас менен бүт акыл-дараметин жумшап, чымыркапып аткарган өз алдынча тапшырмадан башталат. Студенттердин өздөрүнүн кесиптик даярдыгына, инсандык, кесиптик-иштик сапаттарынын калыптанышына болгон жоопкерчилигин арттыруу.

*Тарбиялоо* – инсандын өз алдынчалыгын, активдүүлщгүн өз келечегине карата жоопкерчилигин өнүктүрүү.

Өз алдынча тапшырмаларды студентте калыптандыруучу компетенцияларга же окуу процессинин максат милдеттерине жараша, төмөнкүчө классификациялоого болот:

*Теориялык билимдерин тереъдетүү жана кеъейтүү багытындагы өз алдынча жумуштар:*

– окуу материалын өздөштүрүү максатында окуу китептеги, кошумча булактардагы белгиленген текстти окуп түшүнүү;

– тексттин планын же ага карата суроолорду түзүү;

– окуу материалынын логикалык-графикалык структурасын түзүү (кластер);

– тексттин мазмунундагы түйүндүү ойлорду жазып алуу;

– аудио жана видео формасындагы окуу материалдарын колдонуу;

– интернет ресурстарын колдонуу.

Өз алдынча жумуштарды студенттердин субьективдүү тажрыйбасын өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрүнө карай репродуктивдүү, реконструктивдүү, эвристикалык чыгармачылык деңгээлдерин бөлүп көрсөтүүгө болот.

Репродуктивдүү – үлгү боюнча аткарылган ар кандай иш. Бул - типтүү маселе, көнүгүүлөрдү чыгаруу, көнүгүүлөрдү үлгү же алгоритм боюнча аткаруу.

Реконструктивдүү – экинчи сапаттык баскыч. Мында студент ар кандай тапшырманы аткарууда вариативдүү пландын негизинде кошумча булактарды аннотациялап, керектүү жерлерин колдонуунун негизинде аткарылуучу ишмердүүлүк. Мындай иш аракеттин негизги максаты студентти өзүнүн окуу-таанымдык ишмердүүлүгүн өз алдынча аткарууга көнүктүрүү болуп эсептелет.

Эвристикалык – сабактын жүрүшүндө, мугалим тарабынан түзүлгөн жана проблемалуу ситуацияны чечүүгө багытталган өз алдынча ишмердүүлүк.

Чыгармачылык – жүрүшүндө (аткарылышында) кубулуштардын, окуялардын, объекттердин жаңы жактарын ачууну үйрөтүүчү изилдөөчүлүк өз алдынча иштөө.

Өз алдынча жумуштардын натыйжалуулугу аны уюштуруу жана аткартуунун

төмөнкүдөй эреже принциптерин туура жетекчиликке алуудан көз каранды.

*Окутуучунун компетенттүүлүгү*. Өз алдынча иштер системасынын максатын, мазмунун жана көлөмүн, анын ордун, аткаруу методдорун мугалим аныктайт. Окуу процессин ар түрдүү деңгээлдеги тапшырмалар менен камсыз кылуу Болония процессинин алкагында окутуучунун эң башкы милдети катары каралган. Ар бир бөлүмдө ар бир сабак боюнча тапшырмалардын фонду даярдалып, жыл сайын тынымсыз өркүндөтүлүп турушу зарыл. Азыр “Мугалим – окутуу ишинин кеңешчиси, жетекчиси,” деген түшүнүк пайда болду. Ал - окуу процессин окуучунун өзүнүн активдүү аракетинин негизинде майнаптуу, натыйжалуу үйрөнүшүнө ылайык уюштура алган, ага үйрөнүүнү үйрөнүү жолдорун көрсөтүп, үйрөтүүнүн негизинде анын өзүн өзү өркүндөтүшүн камсыз кылган, окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн кылдат эске алган мугалим.

*Студенттердин өздөрүнүн кесиптик жактан өнүгүшүнө карата кызыгуусун керектөөсүн ойготуу, өнүктүрүү*. Студенттерди кесиптик ишмердүүлүк диплом алган күндөн эмес, биринчи курска келген күндөн эң алгачкы өз алдынча аткарылган таанымдык тапшырмадан башталарына ынандыруу керек. Бул фактор аскердик окуу жайларда жакшы эске алынган. Алардын эмгек стажы 1 курстан башталат. Ошондуктан тапшырмалар системасын иштеп чыгууда ал жакынкы экзаменге байланыштуу максаттарды гана эмес, келечектеги кесиптик ишмердүүлүккө байланышкан ишмердүүлүктү да камсыз кылышына аракет жасоо керек. *Аткарылган иштин пайдалуулугуна басым жасоо.* Эгерде студент аткарган жумушу башкалар үчүн кошумча окуу материалы же дипломдук, диссертациялык изилдөө үчүн колдонула турганын билсе, кызыгуусу кыйла жогорулайт. Өз алдынча жумушка карата кызыкчылыкты өнүктүрүү үчүн сабактарда талкуу, мээге чабуул, өрнөк окуяны талдоо, проблема чечүү сыяктуу акыйкатты өз алдынча табууга багытталган методдор көп практикаланышы зарыл. Аткарылган тапшырмалар сынактарда, студенттин рейтингин аныктоодо сөзсүз эске алынышы керек. Стимул ар кандай иш-аракеттин кыймылдаткыч күчү. Ошентип, студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу - жогорку окуу жайлардын окутуучусунан көп кырдуу педагогикалык компетенттүүлүктү талап кылган мезгил талап кылган, актуалдуу ишмердүүлүк. Жогорку окуу жайларда адистерди сапаттуу даярдоо белгилүү өлчөмдө өз алдынча ишмердүүлүктүн туура уюштурулушуна байланыштуу болот.

Адабияттар:

1. Андреев В.И. Педагогика творчества саморазвития. -М., 1996. -С. 121.
2. Игнатьева Е.Ю. Педагогическое управление учебной деятельностью студентов в современном вузе: Монография. -СПб.: Изд-во «ЛЕМА», 2012. -С. 300.
3. Каковихина С.И., Чиконина Г.В. Самостоятельная работа и самоорганизация как дидактические средства развития общекультурных компетенций: учебно-методическое пособие. -Томск: Изд-во Томского политехнического университета, 2010. –С. 202.
4. Левина Л.М. Организация самостоятельной работы студентов в условиях перехода на двухуровневую систему высшего профессионального образования. (Методическое пособие для преподавателей вузов).-Нижний Новгород, 2010. -С. 93.
5. Лобанов А.П., Дроздова Н.В. Самостоятельная работа студентов в контексте компетентностного подхода //Организация самостоятельной работы студентов на факультете вуза: Материалы Междунар. науч.-прак. конф. Минск, 16-17 ноября 2006 г. /Отв. ред. В. В. Сергеенкова. -Мн.: БГУ, 2006. –С. 35-38.
6. Ташпынар М., Алимбеков А. Окутуунун жалпы методдору. –Б., 2002. -231-б.
7. Хиценко В.Е. Саморганизация: элементы теории и социальные приложения. -М.: КомКнига, 2005. –С. 224.